**КУБАТОВ И.К.**
**lib.knu@mail.ru**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК ЖЕТИМДЕР, ЖЕ АТА-ЭНЕСИ БАР ТУРУП КАРООСУЗ КАЛГАН БАЛДАРДЫН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕСИ (УКУКТУК КӨЗ КАРАШ)

Жетимчилик XX кылымдын ортосунда дүйнөдөгү көптөгөн өлкөлөрдө коркунучтуу абалда боло баштаган. Ошол эле учурда Кыргызстандагы базар экономикасынын жана демократиялаштыруунун калыптануу процесси бир катар проблемалардын пайда болушуна алып келди, аларды чечүүгө мамлекет али даяр эмес болуп чыкты.

Баарыдан мурда өзгөрүүлөр балдардын жашоо турмушуна тиешелүү болду, алар ушул мезгилде эң корголбогондор болуп чыкты. Бизде “көчө” жана “иштеген” балдар тобу жана акырында балдарын тарбиялоо үчүн жоопкерчилик сезими жоголуп бара жаткан ата-энелердин бүтүндөй мууну пайда болду. Кыргызстанда социалдык жетимчилик маселесин укуктук жөнгө салуу биздин укук ченемдик актыларда жетишсиз болуп чыкты. Мунун баардыгы мыйзамдык-укуктук мейкиндикте, билим берүү системасында, социалдык чөйрөдө, түп тамырынан өзгөртүү зарылдыгын айтып турат, бул болсо баланын укугун коргоого өбөлгө болууга кепилдик берүүгө тийиш.

Жетимчилик социалдык кубулуш катары коомдо адам баласы жаралгандан баштап эле келе жатат жана мындай көрүнүштөр согуш маалында, ар кандай эпидемиялык жугуштуу оорулар пайда болгон учурда жана ата-энелер кандайдыр бир себептерден улам, өз балдарынан баш тартканда пайда болуп келет.

Жетимчилик – бул социалдык көрүнүш катары ата-эненин камкорсуздугусуз калган балдардын жашоосу туюнтулат. Окумуштуулардын теоретикалык изилдөөлөрүнө таянсак, азыркы учурда, *жетим бала* жана *социалдык жетимчилик* деген термин колдонулуп келүүдө.

Жетим бала – бул ата-энеси өлгөн он сегиз жашка чейинки бала мүнөздөлөт.

Ал эми социалдык жетимчилик – бул баланын ата-энеси бар, бирок кандайдыр бир себептерден улам ата-эненин камкордугусуз калышы түшүндүрүлөт[1]. Бул учурда балдарды көзөмөлгө алуу милдети мамлекетке жана коомго жүктөлөт. Мындай балдар ата-эненин балдарды багуу укугунан юридикалык жактан ажыратылышынан эмес, балдардын камкорсуздугун түшүнөбүз.

Дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттерде балдарга болгон көз караш өтө өзгөчөлөнгөн. Себеби биздин мамлекетибизден айырмаланып алардын ар бир кыймылы мыйзамдаш-тырылган кайсы гана фонд, уюм каражат бөлбөсүн балдарды эч унутта калтырышпайт. Медицинада аларга ден соолук жагынан эле эмес, моралдык жактан да колдоолор көрсөтүлүп келет. Тактап айтканда, кароосуз калган балдарды коомдо өз ордун таап кете турган кылып тарбиялап чыгышат.

Ал эми бизде сөзсүз түрдө менталитет, ата-эненин тарбиясы баланын өсүүсүнө өзгөчө роль ойнойт.

Тилекке каршы, Кыргызстанда улам барган сайын кароосуз калган балдар көбөйүп, мектеп жашындагы балдардын ден-соолугуна терс таасир кылуучу өтө оор жумуштарды аткарып акча табуусу адатка айланып барат.

Азыркы учурда, Кыргызстанда 2,1 милиондон ашык балдар бар, ал бүткүл республика калкынын 42 % түзөт.

[1] Васильев А.Ю. Проблема социального сиротства на современном этапе. -УФА: РИО БашГУ, 2006. - С.20.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 31 мартындагы №183 Жарлыгы менен бекитилген 2009-2011-жылдарга өлкөнү өнүктүрүү стратегиясында көрсөтүлгөндөй, ар түрдүү баа берүүлөр боюнча социалдык жетимдер, же ата-энеси бар туруп кароосуз калган балдардын саны республикада 200% өскөн, тактап айтканда 10 миңден ашуун. Кароосуз калган балдардын 65,2% кыргыз, ал эми 19,3% башка улуттагы балдар группасы түзөт[2]. Ички иштер министринин бидиргенине караганда өз үйүн таштап, кароосуз калган балдардын көпчүлүгү Чүй облусунда жана борбор калаабыз Бишкек шаарында[3].

Кароосуз калган балдардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоону балдардын кызыкчылыгы үчүн иш жүргүзгөн үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөр жана балдар иштери боюнча комиссия иш алып барат. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк кодексинин 126-беренесине ылайык, ата-энеси балдарын тарбиялоодон же алардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоодон, анын ичинде тарбиялоочу мекемелерден, дарылоо мекемелеринен, калкты социалдык жактан коргоо мекемелеринен жана башка ушул өңдүү мекемелерден өз баласын алуудан баш тарткан учурда, ошондой эле ата-энелик көзөмөлчүлүк жок болгон башка учурларда баланын укугун жана кызыкчылыгын коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, балдардын кызыкчылыгы үчүн иш жүргүзгөн үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмгө жана балдар иштери боюнча комиссияга жүктөлөт деп көрсөтүлгөн[4]. Андан сырткары ушул эле кодекстин 127-беренесинин 3-пунктунда көрсөткөндөй үй-бүлөнү жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөр баланы коргоо зарылдыгы тууралуу маалымат алгандан отуз күндүн аралыгында баланын укугунун жүзөгө ашышына ар тараптуу баа берүү, анын үй-бүлөсүнө баалоо жүргүзөт жана Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексинде белгиленген талаптарга ылайык балдарды жайгаштыруу формасын камтыган балага камкордук көрсөтүү иш-чараларын аткарышат деп жазылган[5]. Тилекке каршы, бул органдарга тийиштүү болгон ыйгарым укуктар, алар тарбынан тиешелүү түрдө аткарылбай келет. Мунун бирден бир фактору катары мыйзам тарабынан бөлүнгөн финансылык каражаттардын максаттуу жумшалбай жаткандыгы. Мамлекет мындай фактыларга өзгөчө көңүл бөлүп, мамлекеттик органдарга катуу талаптар коюлушу керек. Бул кароосуз калган балдарга жеткиликтүү кам көрүүнүн жана паракорчулука каршы күрөштүн бирден бир эфективдүү ыкмасы болуп эсептелет. Бирок, тилеке каршы мамлекеттик органдар арасындагы паракорчулук, ар кандай мыйзам бузуулар, мамлекеттин экономикасына, коомдук моралга көп өлчөмдөгү зыян келтирип, өлкөдөгү мындай маселелерди кыскартууунун ордуна, тескеринче эң орчундуу маселелердин бирине айлантып бараткан ы да талашсыз.

Биздин өлкөбүздүн адамдарынын укуктары, анын ичинде кароосуз калган балдардын укуктары мыйзам жүзүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка мыйзамдар менен корголгон. Кыргызстан көп эл аралык конвенцияларды, анын ичинде 1989-жылдын 20-ноябрында Бириккен Улуттук Уюму тарабынан кабыл алынган Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияны ратификациялаган. Бул иш чара балдардын укуктарын сактоодо Бүткүл дүйнөлүк Конституциялык улуу Хартия деп аталып калган. Ал эми Кыргызстанда болсо 1994-жылы гана ушул Конвенцияга ылайык мыйзамдар каралып, балдардын укуктарын камсыз кылуучу иш-аракеттер көрүлө баштаган

2006-жылдын 9-июнунда Жогорку Кеңеш тарабынан балдар жөнүндө кодекс кабыл алынган, анда балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жагынан мыйзам маселелери жана мамлекеттик органдардын милдеттери чагылдырылган. Ал кодекстин үстүндө иш жүргүзүү үчүн балдардын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо

[2] Жетим, ата-энесинин камкордугунан ажыраган жана кароосуз калган балдардын мекемелеринде адамдын укуктарын сактоо. Мониторинг боюнча отчет. – Бишкек, 2009
[3] Кароосуз калган балдардын “маалымат банкын” ачалы // Эркинтоо. - 2007. - 6. март.
[4] Кыргыз Республикасынын үйбүлө кодекси. - 2009 жылдын -17 июлундагы. - №233 .
[5] Кыргыз Республикасынын үйбүлө кодекси. - 2009-жылдын - 17 июлундагы. - №233.

максатында 2007-жылы Дене тарбия, спорт, жаштар иштери жана балдарды коргоо агенттигинин астында «Балдарды коргоо» департаменти түзүлгөн. Балдарды коргоо департаменти балдардын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу бирден бир орган болуп эсептелет.

2007-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиев «Балдарды коргоо жана колдоо жөнүндөгү» Жарлыкка кол койгон, анда балдардын укуктарын коргоо боюнча кечиктирилгис чаралар, балдардын камкорсуздугунун, өспүрүм балдардын кылмыштуулугунун маселелери көтөрүлүп чыккан. Бирок, тилекке каршы коомубузда бул укуктардын бузулуп жаткандыгын баса белгилей кетүү ашыктык кылбас. Азыркы күндө, биздин балдарыбыз үчүн ата-эненин жана мамлекеттин жоопкерчилигинин деңгээли көтөрүлдүбү? Баланын ченемдик укук актыларында жарыя кылынган укуктарын практикада турмушка ашыра алдыкпы? Эмне себептен кароосуз калган балдардын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдык кызыкчылыктары корголбой келет? – деген суроо келип чыгат.

Эң башкы себеп катары, балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдык кызыкчылыктарын турмушка ашырууга байланыштуу келип чыккан мамилелерди жөнгө салууга чакырылган Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси кароосуз калган балдардын укуктарын камсыз кылуу маселелерин көңүл буруусуз калтыргандыгын белгилей кетүү керек. Азыркы убакта Кыргыз Республикасынын айрым бир ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн балдардын укуктары, мисалы, турак-жай укугу, билим алуу укугу ж.б., толук деңгээлде зарыл талаптарга жооп бербей жаткандыгын баса белгилеп кетким келет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинде берилгендей билим алуу укугу жынысына, улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк жагдайына, ишкердигинин түрүнө жана мүнөзүнө, кайсы динге ишенгендигине, саясаттык жана динчил ишенимине, турган жерине же башка жагдайларына көз карандысыз экендиги КР «Билим жөнүндө» мыйзамында бекитилген. Балдар мамлекеттин тийиштүү билим берүү стандарттарына ылайык билим алууга, жана бул стандарттын чегинде билим берүүнүн индивидуалдуу кызматын тандоого, алардын адамдык кадыр-баркынын сыйланышына, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө укуктуу. Бул мыйзам социалдык жактан коргоо саясатын жүргүзүү жана балдарды мамлекеттин камсыз кылуусунда кароо боюнча мамлекеттин милдетин бекитет. Азыркы күндө, расмий маалымат боюнча Кыргызстанда жалпы балдардын 5,2 пайызы билим алуудан сыртта калганы аныкталды. Кыргызстанда болжол менен бир миллион бала мектеп жашында болсо, анын ичинде 5,2 пайызы билим алууга тартылбаса, демек өлкө боюнча 50 миңге жакын балдар мектепке барбайт.

Андан сырткары, учурда кароосуз калган балдардын турак-жайга болгон укуктарын жөнгө сала турган мыйзамдар болсо дагы, алардын толук деңгээлде иш жүзүнө ашырылбагандыгы. Ата-энелердин камкордугунан тышкары калган балдардын мүлккө жана турак-жайга болгон укуктарынын бузулушу ал балдардын балдар үйүнөн жана башка мекемелерден убактысы бүткөндө сыртка чыгарууга болгон мүмкүнчүлүктөрдү чектеп коюуда. Мыйзам нормаларын аткарууда так механизмдердин жоктугу, бул маселеге кайдыгер мамилелер үй-жайсыз, көчө, кароосуз калган балдарынын армиясын толуктоодо.

Азыркы учурда, республикада 10 балдар үйү жана акыл-эси жана дене боюнун өнүгүшү жагынан кемчилиги бар балдар үчүн 15 мектеп интернат иштейт. Азыркы учурда балдар үйлөрүнө 3 жаштан 17 жашка чейинки жетим жана камкорсуздугусуз калган балдар кабыл алынат. Эң өкүнүчтүүсү кароосуз калган балдардын балдар үйлөрүнөн тарбияланып чыккандан кийин коомдо эң орчундуу маселелерди жаратуусу. Тактап айтканда кароосуз калган балдар балдар үйүнөн чыккандан кийин коомдо өз ордун таап кете албай, алардын көпчүлүк саны өз ата-энелеринин мурунку тагдырын кайталоо менен маселени өтө коркунучтуу абалга жеткирүүдө.

Албетте кароосуз калган соң балдардын тартибин эч ким көзөмөлгө албайт. Мунун натыйжасында балдар арасында спирт ичимдиктерин ичүү, банги заттарын колдонуу, кылмыштуулук жана башка көйгөйлүү маселелер көбөйүүдө.

Калктын социалдык жактан корголбогон катмарынан чыккан кароосуз калган балдар ар дайым колдоо албастан, убактылуу гана мамлекеттик колдоо алып жаткандыгы эң негизги себеп болуп эсептелет. Социалдык тармак ар дайым өзүнө өзгөчө мамиле талап кылат. Балдарга жасаган мамиледен мамлекет моралдык кейпине баа берет. Тилекке каршы, Кыргызстан бүгүнкү күндө ар бир кароосуз калган бала камсыздандырылган жана камкордук көрүлгөн деп мактана албайт. Бирок мамлекет мындай иш чараларды жасоого милдеттүү – чынында бул өтө чоң аракеттерди талап кылат. Учурдагы калкты социалдык жактан колдоо системасы ушул убакка чейин эски принциптер жана механизмдер менен иштеп жатат. Өлкөдө жакынкы бир нече жылга улуттук социалдык стандарт керек, ал мамлекет калкка билим берүүнү, медициналык жана бөлөк социалдык кызматтарды так чектеши керек.

Кыргыз Республикасында балдардын укуктарын коргоого жоопкерчиликтүү бир катар мамлекеттик мекемелер жана көп сандаган коммерциялык эмес укук коргоо уюмдары бар. Балдардын укуктарын коргоого жоопкерчиликтүү мамлекеттик мекемелердин иши өз ара жетиштүү координацияланга эмес жана ирээттүү системаны билдирбейт. Коомдо Кыргызстанда баланын укуктары жана абалы жөнүндөгү маалымат, Кыргыз Республикасынын Конституциясы эмнелерди жарыялагандыгын, максаттар кандай экендигин жана проблеманы чечүү үчүн мамлекет жана жарандык коом кандай күч аракеттерди жумшап жаткандыгын түшүнүү зарыл.

Мындай жагдайлардын же болбосо өлкөдөгү кароосуз калган балдардын көбөйүшүнө эмне себеп болууда? – деген суроону берүү менен бирге төмөнкү себептерди атап кетмекчимин:

Кароосуз калган балдардын пайда болушуна эң башкы себеп катары жумушсуздукту атамакчымын. Жумушсуздук бүткүл коом үчүн экономикалык түздөн-түз чыгымдар экендигин билгизет. Жумушсуздук экономикалык кризистин убагында өндүрүштүк ишканалардын иштебей калуусунан, жумушчулардын массалык кыскаруусунан, ошондой эле акы төлөнбөгөн эмгек отпускаларына жиберүүдөн күч алат. Изилдөөгө таяна турган болсок Кыргызстанда жумушсуздуктун кесепетинен көпчүлүк жарандар аракечтик (57%), үй-бүлөөдөгү балдарды уруп-согуу (36%), банги заттарын колдонуу (6%), сойкулук жана башка коомго коркунуч алып келе турган жосундарга барышууда.

Азыркы учурда жеке эле Кыргызстанда эмес, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрдө жумушсуздуктун айынан жарандар алкоголду ашыкча ичүү проблемасына кабылган. Кароосуз калган балдардын келип чыгышынын негизги себеби аракечтик экенин эч ким таналбайбыз. Аракечтик – бул социалдык-экономикалык кыйын кырдаал менен тыгыз байланыштуу. Эл аралык байкоочулардын баамында Кыргызстанда арак ичкендердин саны кескин көбөйгөн. Статистикалык маалыматтарга таянсак, республикада аракка көз каранды 22 315 адам каттоодо турат, алардын ичинен 2 487си аялдар.

Айрыкча ата-эненин алкоголдук ичимдикти ашыкча ичүүсү балдардын билим алуусуна, тарбия берүү жана башка балдардын коомдо туруктуу калыптанышына көңүл бурулбай калгандыгынан улам өз үй-бүлөөсүн таштап кетүүсү, өлкөдөгү кароосуз калган балдардын санынын көбөйүшүнө алып келүүдө.

Бул көрүнүштү жоюуда мамлекет чечкиндүү кадамдарга барбай, маселе тереңдей берсе аракечтик жеке эле кароосуз калган балдардын көбөйүү маселесин жаратпастан, кыргыз улутунун генине олуттуу доо кетирет деген кооптонууну пайда кылат.

Ошондуктан мындай көрүнүштөрдү чечүү үчүн тиешелүү ведомстволордун кароосунда алкоголизм жана өлкөдө алкогольдук продукцияны кабыл алууга каршы күрөш жүргүзүү боюнча улуттук долбоор иштелип чыгышы керек. Бул долбоордо жарандарынын алкогольдук ичимдиктерди кабыл алуусун чектөө, сапатсыз жана

контрабандалык продукция менен күрөшүү жана сергек турмуш образын калыптандыруу каралышы керек. Ошондой эле антиалкогольдук жарнаманы күчөтүп, бул ишке ири республикалык жана аймактык маалымат каражаттарын тартуу зарыл.

Дагы бир изилдөөгө таянсак, жумушсуздуктун айынан, көпчүлүк жарандар банги заттарына берилүү маселесине кабылып, өлкөдө көйгөйлүү маселе бойдон калууда.

“Бангичилик”, “бангилик” деген терминдер илимий адабиятттарда баңгизаттарга байланып калган, андай заттарды колдонбосо тура албаган, аны пайдаланууну өнөкөткө айландарган адамдардын физикалык жана психикалык абалын түшүндүрөт[6].

Кайра куруу башталып, бардык нерсе ачыкка чыгып, айкын айтылган кезде Кыргыз Республикасында баңги заттарын колдонгондор 1991-жылга салыштырганда 5,3 эсеге көбөйүп кеткен. Азыркы учурда, Саламаттык сактоо министрилигинин Республикалык баңгичилик борборунун эсеби боюнча азыр 7 842 адам каттоодо турат, алардын ичинен 70 пайызын 40 жашка чейинки куракташылар түзөт.

Учурдун актуалдуу маселеси жумушсуздуктун натыйжасында көптөгөн Кыргызстандык жарандар банги заттарын колдонуу менен эң орчундуу маселелерди жаратууда. Натыйжада, үй-бүлөдө зомбулук пайда болуп, кароосуз калган балдардын көбөйүшү коомдо айкын орун алган маселе болуп саналат. Балдарга карата зомбулуктун өсүшү коомдогу зомбулуктун жалпы өсүшү, зордукчул-зомбулукчул кылмыштардын өсүшү менен байланыштырылат. Зомбулуктун үй-бүлөдө өздөштүрүлгөн модели социалдык институттарда: мектепте, армияда, келечектеги үй-бүлөлүк мамилелерде, эмгек жамаатында кайрадан өздөштүрүлөт. Зомбулук проблемасына коомдун мамилесин өзгөртүү зарыл, балдарга жасалган зомбулук адамдын укуктарын бузу катары каралууга тийиш. Зомбулукту алдын алуу жана күнөөлүүлөрдү кылмыш-жазалык жоопкерчилике тартуу башкы максатыбыз болушу керек.

Азыркы учурда жумушсуздуктун кесепетинен өлкөдө ички жана тышкы миграция күч алууда. Бул көрүнүштөн улам жылына ажырашкан үй-бүлөдөн 4 минден ашык бала атасында же энесинде калат. Натыйжада балдардын ата-эне тарабынан билим алуу жана ар тараптуу тарбия берүүсүнө олуттуу көңүл бөлүнбөй калгандыктан, көпчүлүк балдар кароосуз калган балдардын санын толуктоодо.

Ошондуктан, жумушсуздук, аракечтик, бангилик, сойкулук, ички жана тышкы миграция, үй-бүлөнүнүн оор материалдык абалы жана ата-эненин конституциялык милдеттеринин аткарбаганынын натыйжасында, өлкөдө кароосуз калган балдардын саны кескин көбөйүүдө. Негизи кыргыз үй-бүлөөсүнүн, бүгүнкү күндөгү эң көйгөйлүү жана өзөктүү маселеси мамлекет тарабынан оң жолго коюлбай келе жатканы, мамлекеттин келечегине балта чаппайт деп эч ким кепилдик бере албайт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын экономикалык, саясий, идеологиялык негиздери түп тамыры менен өзгөрүп жаткан кезде, коомдогу мындай көрүнүштөрдү кыскартуунун жолдору катары төмөнкү шарттарды атап кетмекчимин:

- мамлекетибиздеги социалдык - экономикалык жана саясий процесстердин туруктуулугу;
- жумушсуздукту кескин кыскартуу; жумушсуздуктун терс натыйжаларын түшүнүп билүү мамлекеттин эмгек рыногуна таасир этүүсүн шарттайт. Жумушсуздарды ишке тартуу чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуунун үч негизги багытын бөлүп көрсөтүүгө болот:

Биринчи; жумушка тартуунун өсүшүн жана мамлекеттик сектордо жумуш орундарынын санын көбөйтүүнү стимулдаштыруунун программалары;

Экинчи жумушчу күчтөрдү кесиптик даярдоо жана кайра даярдыктан өткөрүү.

Үчүнчү жумушчу күчтөрүн жолдоого көмөктөшүү программалары.

- ар кандай формадагы кароосуз калган балдарды кармоо үчүн мекемелерди куруу;

[6] Муратов А.. Баңгилер үчүн бейишпи // Замандаш. – 2009. – Февраль. - №2(67).

- кароосуз жана көчөдө калган балдар үчүн, ошондой эле зордук зомбулук тарткан балдар үчүн өлкөнүн бардык региондорунда керектүү сандагы социалдык жактан адаптациялоо борборлорду куруу.
- жашы жете элек кароосуз калган балдарга спирт жана тамеки сатууга жоопкерчиликти жогорулатуу. Бул жагдайда бир гана тыюу салуу менен чектелип калбастан, кароосуз калган балдардын эс алуусуна спорт, чыгармачылык менен машыгуу жана башка мүмкүнчүлүктөр түзүлүш керек.

Балдарды багууда жана кароодо, билим берүү кызматын берүүдө, мамлекеттик бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды максаттуу түрдө колдонууда балдар үйлөрүнүн, бардык типтеги жана аталыштагы мектеп-интернаттарынын ишмердүүлүгүнө мамлекеттик жана коомдук көзөмөлдү күчөтүү. Биз «Балдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Кодексинин жана Баланын укугун коргоо боюнча эл аралык Конвенциялардын жоболорун ишке ашырууга көмөктөшүүбүз керек.

Тактап айтканда, балдардын укуктук-мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо үчүн жалпы системаны уюштуруу үчүн атайын рекомендацияларды жана 2006-жылдын 9-июнунда Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган балдар жөнүндө кодекске өзгөртүү киргизүү менен катар ченемдик укуктук базаны чыңдоо, социалдык жактан кызмат кылуу тармагын кеңейтүү жана жакырчылыктан чыгууда начар жашаган үй-бүлөөлөргө ар тараптан жардам берүү иш-аракеттерин жүзөгө ашыруу башкы максатыбыз болушу керек.

Бүгүнкүнүн балдары эртеңки келечектин ээлери. Алардын ар бирине көңүл бөлүп камкордук көрүү, колдоо биздин мамлекеттин милдети. Ар бир кыргызстандык бала муктаждыксыз, жеткиликте жана урматта жашашы керек.

Акырында Гарвард университетинин профессору Роберт Роулздун сөзүн айтаар элем "Эгерде биз өз балдарыбыздын келечегине камкордук көрбөсөк, анда алар келечекте өзүбүзгө каршы чыгат".